Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн 2002-жылдын 22-
июлундагы N 488 токтому менен
бекитилген

# Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акылардын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө ЖОБО

*(КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 17-августундагы N 339, 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## I бөлүм Жалпы жоболор

1. Бул жобо "Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу үчүн иштелип чыккан, ал автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин пайдалануучу баардык уюмдардын автордук сый акы төлөө боюнча мамилелерин жөнгө салат.

2. Чыгармаларды жалпы эл алдында аткарууга, автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануунун башка түрлөрүнө уруксат берүү, автордук сый акыны Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эсептөө жана жыйноо маселелери боюнча авторлордун (алардын укук мураскерлеринин) жана аткаруучулардын өкүлү болуп авторлордун мүлктүк укуктарын жамааттык негизде башкарган, авторлордон алынган ыйгарым укуктардын чегинде иш жүргүзгөн, адамдардын мыйзам менен корголуучу укуктары менен кызыкчылыктарын алардын атынан доо коюп, коргоого укуктуу уюм болушу мүмкүн.

Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу мындай уюмдар түзүлгөнгө чейин мындай милдетти интеллектуалдык менчик жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары Кыргызпатент) аткарат.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомунун редакциясына ылайык)*

3. Автордук сый акынын ушул Жободо каралган өлчөмдөрү минималдуу болуп саналат жана, эгерде пайдалануучу менен автордун, анын укук мураскеринин же авторлордун мүлктүк укуктарын алардан алынган ыйгарым укуктардын чегинде башкаруучу уюмдун ортосундагы келишимде башкача каралбаганда колдонулат, жана сый акынын өлчөмү кызыкдар тараптардын ортосундагы талаштын предмети болбойт.

4. Автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн менчигинин түрүнө жана укуктук-уюштуруу формасына карабастан автордук сый акы төлөөчү болуп чыгармаларды жалпы эл алдында аткарууну, автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануунун башка түрлөрүн ишке ашыруучу жана уюштуруучу ар бир жеке жана юридикалык тараптар эсептелет.

Анын ичинде сый акы төлөөчүлөргө төмөндөгүлөр кирет:

а) театрлар, кинотеатрлар, цирктер, филармониялар жана башка концерттик-сахна аянтчалары;

б) эфирдик жана кабелдик уктуруучу (көрсөтүүчү) уюмдар;

в) фонограмма чыгаруучулар, үн жазуу студиялары, уюлдук телефондор (рингтондор, ринбэктондор, реалтондор) үчүн шыңгыроо обондорун таратуучулар ж.б.;

г) концерт, оюн-зоок иш-чараларын уюштуруучулар, продюсердик борборлор ж.б.;

д) көңүл ачуучу жайлар (видеосалондор, дискоклубдар, түнкү клубдар, казинолор ж.б.);

е) коомдук тамактануу ишканалары (ресторандар, барлар, кафелер, ашканалар, кире калмалар ж.б.);

ж) лицензияланган аудио-видеопродукцияларды, аудио-видеоаппаратураларды сатуу (прокатка берүү, алмашуу) боюнча адистештирилген соода ишканалары (анын ичинде соода павильону, чатыр дүкөнчөлөр, столдор, стенддер); соода залдарын радиолоштуруу үчүн фонограммаларды же уктуруучу уюмдардын берүүлөрүн пайдалануучу базарлар жана башка соода ишканалары;

з) мейманканалар, ден соолук комплекстери (стадиондор, парктар, спорт залдары, эс алуу үйлөрү, пансионаттар, санаторийлер, курорттор ж.б.);

и) кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү ишканалар (сулуулук салондору, чач тарачтар, косметикалык салондор, мода салондору ж.б.) жана жүргүнчүлөр транспортунун бардык түрлөрү;

к) автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануучу дагы башка жеке жана юридикалык тараптар.

*(КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 17-августу N 339 токтомунун редакциясына ылайык)*

5. Бардык сый акы төлөөчүлөр автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануу укугуна Кыргызпатент менен лицензиялык келишимдерди (макулдашууларды) түзүүгө, ошондой эле белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өтүүгө милдеттүү. Лицензиялык келишимде автордук сый акынын өлчөмдөрү жана аны төлөөнүн мөөнөттөрү, тараптардын укуктары менен милдеттери, сый акы төлөө жана башка шарттар боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтер караштырылат. Төлөөчүлөр Кыргызпатенттин атайын укуктуу өкүлүнө төлөнүүчү автордук акынын эсептерин текшерүү үчүн, ошондой эле чыгармаларды эл алдында аткаргандык үчүн автордук акы төлөөгө тийиштүү бардык документтерди көрүү үчүн берүүгө; алар вткөргөн иш-чараларга Кыргазпатенттин өкүлдөрүн контролдук угуу (көрүү) үчүн акысыз киргизүүгө милдеттүү.

6. Тиешелүү сый акыны жыйноо, бөлүштүрүү жана аны авторлорго (алардын укук мураскерлерине) жана башка укук ээлерине төлөп берүү Кыргызпатент тарабынан ишке ашырылат.

7. Автордук сый акыны жыйноо, эсептөө, бөлүштүрүү жана төлөө менен байланышкан чыгымдарды жабуу үчүн акча чегерүүлөрдүн өлчөмү Кыргызпатенттин Авторлор кеңешинин чечими менен аныкталат.

8. Авторлордун, авторлоштордун, аткаруучулардын жана башка мүлктүк укук ээлеринин ортосунда сый акыны бөлүштүрүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана эл аралык милдеттенмелеринин негизинде Кыргызпатент иштеп чыккан жана бекиткен Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акыны бөлүштүрүүнүн Регламентине (мындан ары - Регламент) ылайык жүргүзүлөт.

9. Кыргызпатент колго тие элек сый акыны бөлүштүрүлүүчү суммага кошуу же автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин кызыкчылыгында башка максаттарга колдонуу менен ал уюмдун эсебине келип түшкөн күндөн баштап үч жыл бою сактоого акылуу.

10. Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин мыйзамсыз пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган граждандык, административдик жана кылмыш жоопкерчиликтерине алып келет.

## II бөлүм
## Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин жалпы эл алдында көрсөткөндүгү, жалпы эл алдында аткаргандыгы жана жалпыга маалымдап кабарлагандыгы үчүн автордук сый акыны эсептөөнүн жана алуунун тартиби

11. Чыгармалар жана программалар тикелей же техникалык каражаттардын (телевизор, радиокабылдагыч, музыкалык борбор, магнитофон жана башка музыкалык добуш чыгаруучулар) жардамы менен аткарылгандыгына карабастан көрүүчүлөр (келгендер) акы төлөп же бекер кирген бардык учурларда тең автордук сый акы эсептелинет.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомунун редакциясына ылайык)*

12. Автордук укук менен корголгон жана корголбогон чыгармалардан турган программаларды (анын ичинде драмалык чыгармаларды коштогон музыканы) жалпы эл алдында аткарууда автордук сый акы ушул Жобонун 1-тиркемесинде каралган толук өлчөмдө эсептелинет.

13. Ушул Жобонун 1-тиркемесинин 1-3-пункттарында көрсөтүлгөн, авторлоштор бөлүнгүс бир бүтүн чыгарма катары жараткан чыгарманы же ар бири өз алдынча мааниге ээ бөлүктөрдөн турган чыгарманы жалпы эл алдында аткаргандыгы үчүн автордук сый акыны бөлүштүрүү Регламенттин негизинде жүргүзүлөт.

Жалпы эл алдында аткаргандыгы үчүн автордук сый акы автордук укугу корголгон авторлошко (алардын укук мураскерлерине) гана эсептелинет. Авторлошторго эсептелинүүчү сый акынын өлчөмү Регламенттин негизинде аныкталат.

14. Эгерде жаңы жылдык балаты оюн-зоокторунун билетинин наркына белектердин наркы кошула турган болсо, анда сый акыны эсептөөдө белектин наркы сатылган билеттердин дүң жыйымынын суммасынан чыгарып салынат.

15. Көрүүчүлөр (келгендер) акы төлөп кирип, чыгарма жалпы эл алдында аткарылган учурда автордук сый акы төлөөчү болуп ишчараны (концертти, спектаклди) уюштуруучу эсептелет. Иш-чараны уюштуруучунун жалпы эл алдында аткарыла турган чыгарманы колдонууга укугу болушу үчүн анын лицензиялык келишими болушу керек.

Автордук сый акы ушул Жобонун 1-тиркемесинде каралган өлчөмдөр боюнча эсептелинет.

16. Көрүүчүлөр (келгендер) бекер кирип, чыгарма жалпы эл алдында аткарылган учурда автордук сый акы төлөөчү болуп иш-чараны (концертти, спектаклди, шоу-программаны ж.б.) уюштуруучу эсептелет. Автордук сый акынын суммасы лицензиялык келишимде (макулдашууда) каралган белгиленген өлчөмдөрдүн негизинде аныкталат.

17. Эгерде иш-чараны (концертти, спектаклди, шоупрограмманы ж.б.) уюштуруучу чыгарма жалпы эл алдында аткарылуучу имараттын (аянтчанын) ээси болбосо, анда аянтчанын ээси имаратты ижарага берүү жөнүндө келишим түзүүдө иш-чараны уюштуруучудан чыгармаларды колдонуу укугуна карата лицензиялык макулдашуусунун көчүрмөсүн талап кылышы керек. Иш-чараны уюштуруучунун лицензиялык келишими жок болуп, бирок имарат ижарага берилген учурда имараттын ээси автордук сый акы төлөнбөгөндүгү үчүн иш-чараны уюштуруучу менен бирдей эле жоопкер болот. 18. Эркин кирүүчү ачык жерлерде же ушул Жобонун 1-бөлүмүнүн 4-пунктунун е),ж), з), и) пунктчаларында көрсөтүлгөн жерлерде демейки үй-бүлөө чөйрөсүнө кирбеген адамдар көп катышкан эл алдында көрсөтүү, жалпы эл алдында аткаруу же жалпыга маалыматтоо болгон учурда сый акы төлөөчү болуп аянтчанын (имараттын, салондун ж.б.) ээси эсептелет. Автордук сый акынын суммасы белгиленген өлчөмдөрдүн негизинде аныкталат.

18-1. 1-бөлүмдүн 4-пунктунун д), е) пунктчалары боюнча ай сайын белгиленүүчү автордук сый акынын чендеринин өлчөмү төмөнкү формула менен эсептелет:

С = Сб х Км х Кк х Ко х Кж, мында:

С - автордук сый акынын чени;

Сб - негизги чен;

Км - төлөөчүнүн жайгашкан жеринин коэффициенти;

Кк - класстуулук коэффициенти;

Ко - "караоке" техникалык каражаттарынын жардамы менен музыкалык чыгармаларды пайдалангандыгы үчүн коэффициент;

Кж - "жандуу" аткарууда музыкалык чыгармаларды пайдалангандыгы үчүн коэффициент.

Сб = РП х N / 100, мында:

РП - Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген эсептик көрсөткүч;

N - отургузуучу орундардын саны.

Төлөөчүнүн жайгашкан жеринин коэффициенти (Км) төлөөчүгө анын төмөнкү райондордо жайгашуусуна жараша берилет:

Км = 2,5 - Бишкек жана Ош шаарлары;

Км = 2 - башка шаарлар же Чүй облусунун Аламүдүн жана Сокулук райондорунун жол бойлорунда жайгашкандар;

Км = 1,5 - Кыргыз Республикасынын калган калк отурукташкан пункттары.

Тейлөөнүн класстуулук коэффициенти (Кк) төлөөчүнүн менюсундагы тамактын орточо наркы боюнча эсептелет:

Кк = 4 - тейлөөнүн эң жогорку денгээли (1,6 РПдан жогору болгон тамактардын орточо наркы);

Кк = 3 - тейлөөнүн жогорку деңгээли (1 РПдан 1,6 РПга чейин);

Кк = 2 - тейлөөнүн орточо деңгээли (0,4 РПдан 1 РПга чейин);

Кк = 1 - тейлөөнүн эң төмөнкү деңгээли (0,4 РПдан төмөн), мында РП мыйзам менен белгиленген эсептик көрсөткүч.

"Караоке" техникалык каражаттарынын жардамы менен музыкалык чыгармаларды пайдалангандыгы үчүн коэффициент (Ко):

Ко = 1 - "караоке" пайдаланылбаган учурда;

Ко = 2 - "караоке" пайдаланылган учурда.

"Жандуу" аткарууда музыкалык чыгармаларды пайдалангандыгы үчүн коэффициент (Кж):

Кж = 1 - техникалык каражаттардын жардамы менен музыкалык чыгармалар пайдаланылган учурда;

Кж = 1,5 - "жандуу" аткарууда музыкалык чыгармалар пайдаланылган учурда.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомунун редакциясына ылайык)*

18-2. 1-бөлүмдүн 4-пунктунун ж) пунктчасы боюнча ай сайын белгиленүүчү автордук сый акынын чендеринин өлчөмү төмөнкү формула менен эсептелет:

С = Сб х Км, мында:

С - автордук сый акынын чени;

Сб - негизги чен;

Км - төлөөчүнүн жайгашкан жеринин коэффициенти.

Сб = РП х Р / 100, мында:

РП - Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген эсептик көрсөткүч;

Р - музыкалык чыгарма пайдаланылуучу соода аянты (чарчы метр менен).

Төлөөчүнүн жайгашкан жеринин коэффициенти (Км) төлөөчүгө анын төмөнкү райондордо жайгашуусуна жараша ыйгарылат:

Км = 6 - Бишкек жана Ош шаарлары;

Км = 2 - Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата жана Каракол шаарлары, Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаары;

Км = 1 - Кыргыз Республикасынын башка калктуу конуштары.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомунун редакциясына ылайык)*

## III бөлүм
## Эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдарында автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акыны эсептөөнүн жана алуунун тартиби

19. Эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдары автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акыны уюмдун жылдык жыйынды кирешесинен процент түрүндө төлөшөт, анын өлчөмү Лицензиялык келишим менен аныкталат жана ал ушул Жобонун 2-тиркемесинин 1-2-пунктарында каралган өлчөмдөрдөн төмөн болбошу керек.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомунун редакциясына ылайык)*

20. Аткарууларды (оюн коюуларды) жалпыга маалыматтоо үчүн эфирге же кабель боюнча бергендиги үчүн авторлорго жана аткаруучуларга сый акы бөлүштүрүү Регламентине ылайык эсептелинет.

## IV бөлүм
## Автордук жана чектеш укуктардын обьектилерин үн жана видеожазуу жолу менен кайталап чыгаргандыгы, үн жана видеожазуулардын, аудиовизуалдык чыгармалардын (фонограммалардын жана видеофильмдердин) нускаларын прокатка бергендиги үчүн автордук сый акыны эсептөөнүн жана алуунун тартиби

21. Автордук сый акыны төлөөчү болуп автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин таратуу максатында аларды үн жана видеожазуу жолу менен кайталап чыгаруучулар, үн жана видеожазуулардын, аудиовизуалдык чыгармалардын (фонограммалардын жана видеофильмдердин) нускаларын прокатка берүүчү жеке жана юридикалык тараптар эсептелет.

22. Ушул Жобонун 3-тиркемесиндеги өлчөмдөр боюнча автордук сый акы эсептелинүүчү автордук жана чектеш укуктардын обьектилери болуп жалаң гана аудиовизуалдык жана музыкалык чыгармалар болбостон, ЭЭМ үчүн интерактивдүү типтеги программалар ("мультимедиа"), компьютердик оюндар, окутуучу программалар жана башка ЭЭМ үчүн программалар эсептелет.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомунун редакциясына ылайык)*

22-1. Чекене соода (уюлдук телефондор үчүн обондорду көчүрүп алуу пункттары) аркылуу рингтон, реалтон, рингбэктон формасында музыкалык чыгармаларды жайылткандыгы үчүн автордук сый акынын ай сайын белгиленүүчү ченинин өлчөмү төмөнкү формула боюнча эсептелет:

С = Сб х Км, мында:

С - автордук сый акынын чени;

Сб - негизги чен;

Км - төлөөчүнүн жайгашкан жеринин коэффициенти.

С = РП х N, мында:

РП - Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген эсептик көрсөткүч;

N - көчүрүп алуу үчүн аппараттардын (компьютерлердин) саны.

Төлөөчүнүн жайгашкан жеринин коэффициенти (Км) төлөөчүгө анын төмөнкү райондордо жайгашуусуна жараша берилет:

Км = 6 - Бишкек жана Ош шаарлары;

Км = 3 - башка шаарлар;

Км = 1,5 - Кыргыз Республикасынын башка калктуу конуштары.

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомунун редакциясына ылайык)*

## V бөлүм
## Архитектуранын, шаар курулушунун, сейил бак, көркөм сүрөт жана декоративдик-прикладдык искусство чыгармаларын, фотосүрөт чыгармаларын жана аудиовизуалдык чыгармалардан кадрларды кайталап чыгаргандыгы жана аларды өнөр жайында нускалагандыгы (колдонгондугу) үчүн автордук сый акыны эсептөөнүн жана алуунун тартиби

23. Көркөм сүрөт жана декоративдик-прикладдык искусство чыгармаларын, фотосүрөт чыгармаларын жана аудио-визуалдык чыгармалардан кадрларды кайталап чыгаргандыгы жана аларды өнөр жайында нускалагандыгы үчүн автордук сый акы аларды жараткандыгы үчүн төлөнүүчү автордук сый акыдан тышкары өзүнчө төлөнөт.

Мындай чыгармаларды жараткандыгы үчүн автордук сый акынын өлчөмү тараптардын макулдашуусу боюнча аныкталат.

24. Автордук сый акыны төлөөчү болуп архитектуранын, шаар курулушунун, сейил бак, көркөм сүрөт жана декоративдик-прикладдык искусство чыгармаларын, фотосүрөт чыгармаларын жана аудио-визуалдык чыгармалардан кадрларды кайталап чыгаруучу жана аларды өнөр жайында нускалоочу юридикалык же жеке тарап эсептелет.

25. Автордук сый акынын өлчөмү ушул Жобонун 4-тиркемесинде каралган өлчөмдөр боюнча аныкталат, ал эми декоративдик-прикладдык искусство чыгармаларын тиричилик багытындагы буюмдарда (сервиздер, жерге коюлуучу вазалар, чакан тарелкалар, чөйчөктөр, шамдар, идиштер, кийим илгичтер, күзгүлөр ж.б.), сувенир буюмдарында, жана галантереялык майда буюмдарда, токуучулук жана текстилдик галантерея, килем буюмдарында, трикотаж буюмдарында чагылдыргандыгы үчүн автордук сый акынын өлчөмү сый акы төлөөчү менен автордун ортосундагы эки тараптуу макулдашуунун негизинде аныкталат.

1-тиркеме

## Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин жалпы эл алдында пайдалангандыгы үчүн автордук сый акынын
## ӨЛЧӨМДӨРҮ

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомунун редакциясына ылайык)*

| N | Чыгарманын түрү | Спектаклге, концертке (ж.б. программаларга) сатылган билеттерден түшүүчү дүң жыйымдардын суммасынан про- цент менен коюлуучу авторду сый акынын өлчөмдөрү |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| 1 | Жаңы жана которулган драмалык чыгар- малар (кара сөз жана ыр менен жазыл- ган пьесалар, балдар үчүн пьесалар, куурчак менен аткарылуучу пьесалар) | 15 |
| 2 | Сахналаштыруу (инсценировкалоо) | 10 |
| 3 | Музыкалык-драмалык чыгармалар (опера, оперетта, музыкалык комедия, мюзикл, балет) | 15 |
| 4 | Симфониялык, вокалдык-симфониялык, камералык чыгармалардан жана эл ас- паптары үчүн чыгармалардан концерт | 9 (бүт программа үчүн) |
| 5 | 4-пунктта көрсөтүлгөндөрдөн бөлөк чыгармалардан концерттер, анын ичинде эстрадалык концерттер (театр- лаштырылган жана жаңы жылдык балаты оюн-зооктор, бал, варьете программалары ж.б.) | 6 (бүт программа үчүн) |

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Цирк программасы | 2 (бүт программа үчүн) |
| 8 | Акы төлөп кирүүчү спорт мелдештерин, спортсмендердин көрсөтмө мелдештерин, мода көрсөтүүлөрдү коштоо катары музыкалык чыгармаларды пайдалангандыгы үчүн | 3 (бүт программа үчүн) |
| 9 | Акы төлөп кирүүчү бий аянтчаларында, дискотекаларда, клубдарда, барларда, кафелерде, ресторандарда жана башка коомдук жерлерде музыкалык чыгарма- ларды аткаргандыгы үчүн | 5 (бүт программа үчүн) |
| 10 | Ушул Жобонун 1-бөлүмүнүн 4-пунктунун д), е), ж), з), и) пунктчаларында көрсөтүлгөн пайдалануучулардын му- зыкалык чыгармаларды колдонгондугу үчүн белгиленген (макулдашылган) өлчөмдө | |
| 11 | Аудиовизуалдык чыгармалар үчүн атайын түзүлгөн музыкалык чыгармаларды (тексти менен же тексти жок) кинотеатрларда пайдалангандыгы үчүн | 1 |

2-тиркеме

## Эфирдик жана кабелдик уктуруучу уюмдарда автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акынын ӨЛЧӨМДӨРҮ

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомунун редакциясына ылайык)*

| N | Пайдаланылган чыгарманын түрү | Жылдык жыйынды кирешеден пайыз менен коюлуучу автордук сый акынын өлчөмдөрү |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| 1 | Эфирдик уктуруунун (радио, теле- көрсөтүү) берүүлөрүндө автордук жана чектеш укуктардын объектиле- рин пайдалангандыгы үчүн, анда уктурулган музыкалык чыгармалардын үлүшү уктуруунун жалпы көлөмүнүн 50 %нен азын түзсө, 50 %нен көбүн түзсө | 12 |
| 2. | Кабелдик телекөрсөтүүнүн берүүлө- рүндө автордук жана чектеш укук- тардын объектилерин пайдаланган- дыгы үчүн | 3 |

3-тиркеме

## Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин уюлдук телефондор (рингтондор, ринбэктондор, реалтондор) үчүн шыңгыроо обондору формасында үн- жана видеожазуу (фонограммалар жана видеофильмдер) жолу

**менен кайра чыгаруу жана жайылтуу үчүн, үн-жана видеожазуу (фонограммалар жана видеофильмдер) нускаларын жана прокатка берилүүчү компьютердик программаларга интерактивдүү типтеги ("мультимедиа") программаларды берүү үчүн автордук сый акылардын**
**ЧЕНДЕРИ**

*(КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 17-августундагы N 339, 2013-жылдын 27-майындагы N 280 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

| N | Пайдаланылган чыгарманын түрү | Автордук сый акынын өлчөмү процент менен |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| 1. | Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин сериялап даярдоодо аларды кайталап чыгаруу | 8-чыгарылган ар бир нуска- нын сатыкка чыгарылгандагы баасынан (сактагычка (носителге) жазылган чыгармалардын санына карабастан) |
| 2. | Үн жана видеожазуулардын (фонограмма-лардын, видеофильмдердин) нускаларын прокатка берүү | 8-үн жазуулардын нускала- рын прокатка берүүдөн алынган кирешеден |
| 3. | Автордук укук объектилерин уюлдук телефондор (рингтондор, ринбэктондор, реалтондор) үчүн шыңгыроо обондору формасында жайылтуу: | |
| | - Интернет жана уюлдук байланыш операторлору аркылуу жайылтууда; | 10 - чыгармаларды жайылтуунун ар бир учуру үчүн берүү базасынан; |
| | - чекене соода (уюлдук телефондор үчүн обондорду көчүрүп алуу пункттары) аркылуу жайылтууда | белгиленген өлчөм |

Эскертүү: Сатыкка чыгарылгандагы баа деп, үн жазууларынын нускаларына даярдоочу тарабынан сатуу үчүн коюлган баа эсептелет.

Киреше деп жекече кардардан (клиенттен) алынган сумма эсептелет.

4-тиркеме

**Архитектуранын, шаар курулушунун, сейил бак, көркөм сүрөт жана декоративдик-прикладдык искусство чыгармаларын, фотосүрөт чыгармаларын, аудио-визуалдык чыгармалардын кадрларын кайталап чыгаргандыгы жана аларды өнөр жайында нускалагандыгы (колдонгондугу) үчүн автордук сый акынын**
**ӨЛЧӨМДӨРҮ**

| N | Көркөм сүрөт искусство чыгармаларынын түрлөрү | Буюмдардын партиясынын сатыкка чыгарылган баасынан процент менен коюлуучу |
|---|---|---|

| | | **автордук сый акынын өлчөмдөрү** |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| 1 | Майда пластикалар менен миниатюрдук скульптуранын чыгармалары, скульптура чыгармалары | 1 |
| 2 | Көркөм сүрөт искусствосунун чыгар- малары, анын ичинде өнөр жай буюм- дарындагы (сувенирлерде, галантерея буюмдарында, текстиль жана трикотаж буюмдарында ж.б.) аудио-визуалдык чыгармалардан фотолор жана кадрлар | 0.5 |